КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
КЫЗЫЛ-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
КЕНЕШ

"28" 11 2023-ж №246 Кызыл-Суу айылы

**Эл депутаттарынын Кызыл-Суу айылдык Кенешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги 26- сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**Кызыл-Суу айыл аймагына караштуу Б. Ибраев көчөсүнүн бир тараптуу автоунаа кыймылын жүргүзүп, тартиптештирүү жана кошумча кашаларды орнотуу жөнүндө.**

Кызыл-Суу айыл аймагына караштуу Б. Ибраев көчөсүнүн бир тараптуу автоунаа кыймылын жүргүзүп, тартиптештирүү жана кошумча кашаларды орнотуу боюнча карап чыгып, талкуулап айылдык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ.**

1.Жол коопсуздугунун алдын алуу максатында Кызыл-Суу айылындагы Б.Ибраев, Манас көчөлөрүнүн кесилишинде автоунаалардын тыгыны жаралып жаткандыктан Б.Ибраев көчөсүнүн Манас, Комсомол көчөлөрүнүн аралыгын күнгөйдөн-тескейди көздөй бир тараптуу жол эрежеси киргизилсин.

2.Бир тараптуу жол белгилерин жана унаа токтоочу жайларынын жол белгилери Жол кыймылынын коопсуздугунун камсыздоо бөлүмүнүн (ЖККББ) макулдашуусунун негизинде орнотуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Эшмамбетовго тапшырылсын.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Эшмамбетовго тапшырылсын.

**Айылдык кенештин төрайымы** **Г.Чыныбаева**